# 2013-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2013-жылдын 30-майындагы
№17/1 токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Акча-кредит саясатынын 2013-2015-жылдарга негизги багыттарына ылайык, 2013-жылы акча-кредит саясатынын башкы максатынан болуп, инфляцияны бир сандуу көрсөткүч чегинде кармап туруу саналат.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча (2013-жылдын март айы 2012-жылдын март айына карата) инфляция көрсөткүчү 7,8 пайызды түзгөн, ошол эле учурда март айында 2013-жылдын февраль айына салыштырганда баа 0,1 пайызга төмөндөп, инфляциянын орточо жылдык мааниси да 7,8 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Улуттук банк акча-кредит саясатын, сакталып турган базалык инфляциянын жогорку деңгээлин эске алуу менен жүргүзүүнү уланткан[1]. Базалык инфляция өтүп жаткан жылдын март айынын акырына 11,0 пайызды (жылдык мааниде алганда) түзгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын алкагында 2013-жылдын биринчи чейрегинде монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында, Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмүн жылдын баш жагындагы 3,1 млрд. сомдон март айынын акырындагы 3,7 млрд. сомго чейин көбөйткөн. Мындан тышкары, ашыкча ликвиддүүлүктөн кошумча арылтуу максатында мамлекеттик баалуу кагаздарды репо-шарттарында сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган, алардын көлөмү март айынын акырына 546,5 млн. сомду (2012-жылдын акырына – 795,8 млн. сом) түзгөн.

Улуттук банктын эсептик чени отчеттук мезгил ичинде тар диапазондо, 2,64 пайыздан 3,05 пайыз ортосунда өзгөрүп туруу менен март айынын акырына 2,98 пайыз чегинде түптөлгөн.

Акча-кредит саясатынын пайыздык өтмө каналынын ишин күчөтүү жана банк тутумуна экономиканы кредиттөөсүнүн өсүшүнө көмөктөшүү максатында Улуттук банк, 2012-жылдын акырында кайра каржылоо максаттарына кредиттик аукциондорду жайылтуу аркылуу банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыздоо боюнча акча-кредит саясатынын инструменттеринин спектрин кеңейткен. Кайра каржылоо кредиттери банктарга ликвиддүүлүктү тескөөгө алуу жагында ыңгайлуу шарттарды түзүү менен аларга экономиканы кредиттөө үчүн багытталган каражаттардын көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. 2013-жылдын 1-чейрегинде катышуучулардын саны жетишсиз болгондугуна жана/же коммерциялык банктар тарабынан суроо-талаптын жоктугуна байланыштуу эки кредиттик аукцион өткөрүлбөгөн катары таанылган. Март айында бир аукцион өткөрүлүп, анын жыйынтыгы боюнча кайра каржылоого берилген кредиттердин көлөмү 95,0 млн. сомду түзгөн.

2013-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча акча базасы жыл башынан бери 64,3 млрд. сомду түзүү менен 1,2 пайызга кыскарган (2012-жылдын биринчи чейреги үчүн акча базасынын азайуусу 1,9 пайызды түзгөн). М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча базасы 2013-жылдын биринчи чейреги ичинде 0,5 пайызга көбөйүү менен (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде – 1,8 пайызга) 99,0 млрд. сомду түзгөн.

2013-жылдын биринчи чейреги ичинде валюта рыногундагы орточо туруктуулук Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногунда валюталык интервенцияларды жүргүзбөөгө мүмкүндүк берген. Отчеттук мезгил ичинде АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу 1,2 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 47,4012 сомдон 47,9610 сомго чейин (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде – 0,74 пайызга) жогорулаган.

[1] ЭВФ ыкмасы боюнча толугу менен азык-түлүк товарлары жана электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү алынып салынат.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-март айлары үчүн реалдуу мааниде ИДӨнүн көлөмү 7,6 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде 8,4 пайызга төмөндөгөн эле). "Кумтөр" алтын кенин казып алуучу ишканаларын эске алуусуз ИДӨнүн реалдуу көлөмү 4,9 пайызга өскөн (өткөн жылдын январь-март айларында ушул көрсөткүч 3,7 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2012-жылдын январь-март айларындагы 14,1 пайызга карама-каршы 3,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми 23,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлөт. Ошол эле учурда отчеттук мезгил ичинде күндөлүк операциялар эсебинин ИДӨгө карата 18,1 пайыз өлчөмүндө тартыштыгы күтүлүүдө, ал эми соода балансынын тартыштыгы 62,9 пайызга, 729,7 млн. АКШ долларына чейин көбөйөт. 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча күндөлүк трансферттер боюнча таза агылып кирүү 390,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлөт, бул базалык мезгилдин көрсөткүчүнөн 11,5 пайызга көбүрөөк, ал эми базалык көрсөткүч төмөнкүнү түзөт: отчеттук мезгил ичинде бул статья боюнча негизги өсүш мурдагыдай эле жеке трансферттердин эсебинен камсыздалат, ал эми алардын таза агымы 11,5 пайызга көбөйүү менен 391,2 млн. АКШ долларын түзөт. Дүң эл аралык камдардын көлөмү[1] күтүлүп жаткан импорттун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 3,9 айлык көлөмүнүн ордун жабат.

2013-жылдын биринчи чейреги ичинде сом негизги соода өнөктөштөрдүн көпчүлүк валюталарына карата катышы боюнча нарксызданган, бул өлкө ичинде инфляциянын кыйла төмөн деңгээлин өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляция деңгээли менен салыштырмалуу сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЕАК) индексин 0,9 пайызга, 108,1ге чейин азайышын шарттаган.

2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин профицити ИДӨгө карата 3,1 млрд. сомду же 5,2 пайызды түзгөн, ал эми 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 1,8 пайыз өлчөмүндө байкалган.

**Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн динамикасы**

2013-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча акча базасы 63,7 млрд. сомду түзүү менен 789,9 млн. сомго же 1,2 пайызга азайган (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 1,9 пайызга). Өкмөттүн операциялары акча базасын 935,4 млн. сомго азайтып, ал эми Улуттук банктын операциялары аны 145,5 млн. сомго көбөйткөн.

2013-жылдын март айынын акырына жылдык мааниде алганда акча топтомдорунун номиналдык өсүш арымы 15,8 пайыздан 22,3 пайызга чейинки, ал эми өткөн жылдын март айынын акырына 18,0 пайыздан 22,3 пайызга чейинки диапазондо байкалган. Акча топтомдорунун арасында кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы өзгөчө тез арымда көбөйгөн, бул негизинен депозиттик базанын өсүш арымынын эсебинен жүргөн[2].

М0 акча топтому (банктардан тышкаркы акчалар) 2013-жылдын январь-март айлары ичинде 2,2 пайызга азайуу менен 53,3 млрд. сомду түзгөн (ал эми 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 2,5 пайызга).

Өзүндө банктардан тышкаркы акчаларды жана улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2 акча массасы кароого алынган мезгил ичинде 1,4 пайызга кыскарып, өтүп жаткан жылдын март айынын акырына 76,4 млрд. сомду түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде ал 0,7 пайызга көбөйгөн эле).

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди дагы өзүндө камтыган кеңири мааниде кодонулуучу М2Х акча массасы 2013-жылдын биринчи чейрегинин акырына жыл башынан бери 0,5 пайызга көбөйүү менен (2012-жылдын биринчи чейрегинде – 1,8 пайызга) 99,0 млрд. сомду түзгөн. М2Хтин өсүшүнө депозиттердин көлөмүнүн[3] көбөйүшү негизги

[1] Дүң эл аралык камдардын көлөмү 2013-жылдын март айынын акырына 2 046,2 млн. АКШ долларын түзгөн.
[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.
[3] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

салымды кошкон, ал өтүп жаткан жылдын баш жагынан тартып 3,9 пайызга өскөн (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 8,1 пайызга). Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча чет өлкө валютасындагы депозиттердин өсүшү 7,6 пайызды, ал эми улуттук валютадагы депозиттер – 0,4 пайызды түзгөн (2012-жылдын январь-март айларында тиешелүүлүгүнө жараша – 5,7 жана 10,9 пайызды түзгөн).

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын валюта түзүмүндөгү улуттук валютадагы депозиттердин салыштырма салмагы 2013-жылдын биринчи чейрегинде өзгөрүүсүз калып, март айынын акырына 23,3 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасында ал 22,9 пайызга (+1,5 п.п.) көбөйгөн. М2Х түзүмүндөгү банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү жылдын акырына 53,9 пайызды (-1,5 п.п.) түзгөн.

ИДӨнүн өсүш арымына караганда акча массасынын тез өсүш арымынан улам, М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти март айынын акырына чейин кароого алынган мезгил ичинде 29,0 пайыздан жыл башынан тартып 30,0 пайызга чейин көбөйгөн. Демек, М2Х акча топтому боюнча эсептелинген жүгүртүү ылдамдыгы жыл башындагы 3,4төн тартып жылдын март айынын акырына 3,3кө чейин төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча мультипликатору, өткөн жылдын акырындагы 1,527дан 2013-жылдын биринчи чейрегинин акырына 1,543ке чейин көбөйгөн, бул кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын өсүш арымынын акча базасынын өсүш арымынан артышынан улам келип чыккан.

## Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча инфляция көрсөткүчү (2013-жылдын март айы 2012-жылдын март айына карата) 7,8 пайызды түзгөн, ушул эле учурда март айында февраль айындагыга салыштырганда баа 0,1 пайызга төмөндөп, инфляциянын орточо жылдык мааниси да 7,8 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Керектөө куржунунун түзүмүндө болжолу менен 48 пайызды ээлеген азык-түлүк товарларына баа, 2013-жылдын биринчи чейрегинде 6,0 пайызга өскөн. Азык-түлүктөн тышкары товарларга баа жылдык мааниде 7,9 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге – 12,0 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө - 10,0 пайызга көбөйгөн.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2013-ж. март айы | | | 2013-ж. январь-март айлары 2012-ж. январь-март айларына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2013-ж. февраль айына карата | 2012-ж. декабрь айына карата | 2012-ж. март айына карата | |
| **Баардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **99,9** | **101,1** | **107,8** | **107,8** |
| анын ичинде | | | | |
| Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,5 | 101,0 | 106,0 | 105,8 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,4 | 102,5 | 112,0 | 111,4 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,3 | 100,7 | 107,9 | 108,3 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,6 | 101,3 | 110,0 | 109,8 |

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө көбүрөөк салыштырма салмак нан азыктарына жана таруууларга туура келет. 2013-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде алганда 14,0 пайызга өскөн, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 27,4 пайызга кымбаттаган. Нан азыктарына жана таруууларга баанын өсүшүнүн негизги себебинен болуп, 2012-жыл ичинде республикабызда, ошондой эле негизги соода өнөктөш-өлкөлөрдө буудайдын начар түшүм берүүсү болгон. Ошол эле учурда 2013-жылдын январь-март айларында данга баа турукташып, 2013-жылы жакшы түшүм күтүлүп жаткандыктан баанын төмөндөө тенденциясы орун алып турат. 2013-жылдын биринчи чейреги ичинде нан азыктарына жана таруууларга баа 0,5 пайызга өскөн.

2013-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде алганда мөмө-жемиш продукцияларына баа 9,9 пайызга өскөн, анын ичинде жемишке - 22,3 пайызга, жашылчага – 4,7 пайызга.

Кыргызстанда кантка баа динамикасы туруктуу сакталып келүүдө, жылдык мааниде канттын наркы 8,0 пайызга төмөндөп, 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча кантка баа 5,4 пайызга төмөндөгөн.

2013-жылдын биринчи чейрегинин акырына “майлар жана тоң майлар” товарлар тобу боюнча баа 0,1 пайызга төмөндөгөн, ошол эле мезгилде 2012-жылдын биринчи чейрегинде ушул эле көрсөткүч 1,2 пайызга өскөн эле. Бул товарлардын тобу боюнча күндөлүк баа динамикасы, өткөн сезондогу май алынуучу өсүмдүктөрдөн мол түшүм алынгандыгы менен шартталган.

Өтүп жаткан жылдын биринчи  чейрегинде сүт азыктарына баанын төмөндөөсү уланган. Мисалы, бул товарлар тобуна жыл башында баа индекси жылдык мааниде 107,0 пайызды түзгөн болсо, март айында тиешелүү көрсөткүч 105,6 пайыз чегинде катталган.

Эт азыктарына баалар кароого алынган жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 1,6 пайызга төмөндөгөн.

Азык-түлүк товарларына ички баанын дүйнөлүк баа динамикасынан көз карандылыгы, өзгөчө Кыргыз экономикасынын азык-түлүк импортунан жогорку көз карандылыгы менен шартталган. Алсак, Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2012-жылы нан азыктарын керектөө түзүмүндөгү импорттун үлүшү 67,5 пайызды, ал эми буудайды жана аны кайра иштетүүдөн жасалган азыктарды керектөө импортунун үлүшү 68,6 пайызды, керектөөдөгү өсүмдүк майларынын импорту 69,4 пайызды түзүү менен кант керектөөсү 83,8 пайыз импорт менен камсыздалган.

**2-таблица. Кыргыз Республикасынын базалык тамак-аш азыктары боюнча азык-түлүк балансы**

*(миң тонна)*

| | Нан азыктары (данга карата кайра эсептөөлөр, миң тонна) | | | | Өсүмдүк майлары (миң. тонна) | | | | Кант жана и кондитердик азыктар (кантка карата кайра эсептөөлөр, миң тонна) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 [1] | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 [1] | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 [1] |
| **Түшүүлөр** | **3 751,2** | **3 681,7** | **3 566,5** | **3 415,8** | **80,7** | **98,5** | **88,7** | **67,1** | **156,2** | **128,0** | **124,2** | **113,5** |
| Жыл башына запас | 1 236,8 | 1 654,2 | 1 453,8 | 1 295,6 | 26,1 | 40,3 | 36,0 | 26,4 | 62,3 | 46,7 | 15,9 | 10,4 |
| Өлкөдө өндүрүлгөн | 1 929,2 | 1 583,8 | 1 580,7 | 1 438,3 | 20,6 | 18,1 | 15,6 | 0,6 | 5,9 | 14,0 | 17,0 | 13,3 |
| Импорттолгон | 585,2 | 443,7 | 532,0 | 681,9 | 34,0 | 40,1 | 37,1 | 40,1 | 88,0 | 67,3 | 91,3 | 89,8 |
| **Керектөө** | **2 097,0** | **2 208,5** | **2 270,9** | **2 232,9** | **40,4** | **62,3** | **62,3** | **57,8** | **109,5** | **112,0** | **113,8** | **107,9** |
| Үрөнгө чыгашалар | 143,3 | 134,9 | 138,1 | 142,5 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Малга тоют | 843,2 | 949,9 | 976,2 | 925,0 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Жоготуулар | 66,2 | 63,6 | 61,8 | 59,2 | - | - | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| Экспорттолгон | 67,4 | 80,3 | 95,5 | 96,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 1,3 | 1,1 | 0,7 |
| Калктын керектөөлөрү | 976,9 | 979,8 | 999,3 | 1 009,6 | 40,4 | 62,3 | 62,3 | 57,8 | 109,1 | 110,6 | 112,6 | 107,1 |
| **Бир мезгилдин акырына запас** | **1 654,2** | **1 473,2** | **1 295,6** | **1 182,9** | **40,3** | **36,2** | **26,4** | **9,3** | **46,7** | **16,0** | **10,4** | **5,6** |
| **Керектөө көлөмүндөгү импорттун үлүшү, %** | **59,9** | **45,3** | **53,2** | **67,5** | **84,2** | **64,4** | **59,6** | **69,4** | **80,7** | **60,8** | **81,1** | **83,8** |
| **Өндүрүүнүн көлөмүндөгү экспорттун үлүшү, %** | **3,5** | **5,1** | **6,0** | **6,7** | **-** | **-** | **-** | **-** | **5,1** | **9,3** | **6,5** | **5,3** |
| **Импорттон көз карандуулуктун коэффициенти** | **23,9** | **22,8** | **26,4** | **33,7** | **62,3** | **68,9** | **70,4** | **98,5** | **94,0** | **84,1** | **85,2** | **87,7** |
| **Жеткиликтүүлүк коэффициенти** | **78.8** | **81.3** | **78.4** | **71.1** | **37.7** | **31.1** | **29.6** | **1.5** | **6.3** | **17.5** | **15.9** | **13.0** |
| **Талапка карата калдыктардын өз ара катышы, %** | **78,9** | **66,7** | **57,1** | **53,0** | **99,8** | **58,1** | **42,4** | **16,1** | **42,6** | **14,3** | **9,1** | **5,2** |

[1] Алдын ала маалыматтар

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде 7,9 пайызды түзгөн, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,5 пайыздык пунктка төмөн. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшүнө өзгөчө салымды “кийим-кече жана бут кийим” товарлары тобуна баанын өсүшү кошкон, бул топко баалар 13,9 пайызга өскөн. Үй-тиричилик буюмдары жана тиричилик техникаларына баа 9,4 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын баасы жылдык мааниде 2,7 пайызга өскөн, анын ичинде бензинге баа 2,5 пайызга, дизель отунуна - 5,2 пайызга өскөн.

Акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө баа индекси жылдык мааниде 2013-жылдын март айында 10,0 пайызга (ал эми өткөн жылдын  ушул эле мезгилинде – 9,9 пайызга) жогорулаган. Бул топ боюнча индекстин өсүшү негизинен, тойкана менен мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын 11,5 пайызга, билим берүү кызматтары үчүн (+8,4 пайызга) жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөр үчүн (+9,3 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Ал эми саламаттыктык сактоо жагында кызмат көрсөтүүлөр үчүн баа 10,6 пайызга жогорулаган.

**Реалдуу сектор**

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-март айларында ИДӨ көлөмү реалдуу мааниде алганда 7,6 пайызга көбөйүү менен күндөлүк баада 59,0 млрд. сом чегинде катталган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгили ичинде ал 8,4 пайызга төмөндөгөн эле). "Кумтөр" алтын кенин казып алуу жана иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда ИДӨ көлөмү 4,9 пайызга өскөн (2012-жылдын январь-март айларында тиешелүү көрсөткүч 3,7 пайыз). ИДӨ дефлятору өткөн жылдагы январь-март айларындагы 14,1 пайызга карама-каршы 3,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

2013-жылдын январь-март айларында ИДӨнүн өсүшү экономиканын көпчүлүк секторлорунда (өнөр-жай өндүрүшүнүн өсүш арымы 18,3 пайыз, курулуш – 14,5 пайыз, кызмат көрсөтүү сектору – 4,2 пайыз жана айыл чарба – 1,5 пайыз) өндүрүүнүн оң динамикасы менен шартталган.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-март айларында өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн физикалык көлөмү 18,6 пайызга өскөн. "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 4,9 пайызды түзгөн. 2013-жылдын январь-март айларында өнөр жай секторунда өндүрүштүн жогорулатуучу динамикасы негизинен алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн кыскарышынын алкагында, 2012-жылдын биринчи чейрегиндеги төмөнкү база менен шартталган. Алсак, алдын ала маалыматтар боюнча 2013-жылдын биринчи чейреги ичинде кайра иштетүү өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 28,4 пайызга көбөйгөн, ал эми 2012-жылдын биринчи чейрегинде бул көрсөткүч 43,5 пайыз өлчөмүндө терс калыптанган эле.

Кайра иштетүү өнөр жайынын түзүмүндө металлургия өндүрүүдө жана даяр металл буюмдарын чыгарууда (42,6 пайыз), жыгач иштетип андан буюм жасоодо (36,7 пайызга), металл эмес башка минерал продукцияларын чыгарууда (3,3 эсеге), цементти, товардык бетонду, тилкелүү шиферлерди жасап чыгаруунун артышынын жана тапталган тилкелүү айнектерди чыгаруунун, ошондой эле химия өндүрүшүнүн калыбына келишинин (20,2 пайызга) эсебинен өндүрүштүн физикалык көлөмүнүн байкалаарлык өсүшү жүргөн. Мында, экспортко багыт алган секторлордо: текстиль жана тигүү өндүрүшүндө, тамак-аш азыктарын жасап чыгаруу жана тамеки өндүрүшүндө өндүрүш көлөмдөрүнүн төмөндөшү катталган.

**3-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**
*(пайыздар)*

| | **Салыштырма** *январь-март* | | **Өсүш арымы** *январь-март* | | **Өсүшкө салым** *январь-март* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2012-ж.** | **2013-ж.** |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 10,4 | 9,5 | 0,8 | 1,5 | 0,1 | 0,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,8 | 0,8 | -1,1 | -2,3 | -0,0 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 13,5 | 15,7 | -43,5 | 28,4 | -10,8 | 3,8 |
| анын ичинде "в том числе "Кумтор" | 7,8 | 9,7 | -62,7 | 39,8 | -11,4 | 3,1 |
| Электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү | 6,0 | 4,8 | 24,9 | -1,5 | 1,4 | -0,1 |
| Курулуш | 3,3 | 3,4 | -3,5 | 14,5 | -0,1 | 0,5 |
| Соода; унаа оңдоо | 15,8 | 16,2 | 6,2 | 7,4 | 0,9 | 1,2 |
| Транспорт жана байланыш | 11,0 | 11,1 | 8,4 | 7,4 | 0,9 | 0,8 |
| Башкалар | 24,9 | 23,4 | 0,9 | 0,7 | 0,2 | 0,2 |
| Азык-түлүк таза салык | 14,3 | 14,9 | -8,4 | 7,6 | -0,9 | 1,1 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **-8,4** | **7,6** | **-8,4** | **7,6** |
| **Кумтөр эске алынбаганда ИДӨ** | | | **3,7** | **4,9** | **3,0** | **4,5** |

*Булагы: УСК, КРУБ эсептөөлөрү*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ИДӨнүн өсүшүнө терс салымды (-0,1 пайыздык пункт) электр энергиясын, газды жана сууну бөлүштүрүү тармагы кошкон. Тармактын өндүрүш көлөмү электр энергиясын иштеп чыгуунун 5,2 пайызга, ал эми элеткр энергиясын бөлүштүрүү кызмат көрсөтүүсүнүн 3,5 пайызга кыскарышынын натыйжасында, 1,5 пайызга кыскарган.

Айыл чарба продукцияларын дүңүнөн чыгаруу алдын ала маалыматтар боюнча, 2013-жылдын январь –март айлары ичинде реалдуу алганда, 1,5 пайызга көбөйгөн, ал эми 2012-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 0,8 пайыздык өсүш катталган эле.

Соода операцияларын дүңүнөн жүгүртүү 2013-жылдын январь-март айларында 54,9 млрд. сомду түзгөн, мында реалдуу мааниде соода операцияларынын көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 7,1 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын январь-март айларында соода көлөмүнүн өсүшү 7,3 пайызды түзгөн). 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча сооданын көбөйүүсү ИДӨнүн 1,2 пайыздык пункт деңгээлинде өсүшүнө салымды камсыз кылды.

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2013-жылдын биринчи чейрегиндеги алдын-ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда реалдуу мааниде 9,7 пайызга көбөйгөн жана номиналдык мааниде 6,9 млрд. сомду түзгөн. Ал эми 2012-жылдын январь-март айларында тиешелүү көрсөткүч 5,7 пайызга кыскарган. Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын негизги үлүшүн тоо- кен өнөр жайы – 19,8 пайызды, иштеп чыгуу өнөр жайы – 16,4 пайызды, транспорт жана байланыш – 8,2 пайызды, электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү – 3,9 пайызды ээлешет.

## Тышкы сектору[1]

Болжолдуу маалыматтар боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча соода балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун 68,2 пайызга (ИДӨгө карата 8,1 пайыз) көбөйүүсүнө алып келиши мүмкүн.

Отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгынын төмөнкү негизги факторлордун эсебинен 729,7 млн. АКШ долларына чейин көбөйүүсү (62,9 пайызга өсүш) күтүлүүдө:

- Тажикстанга мунай заттарынын реэкспортунун 117,1 млн. АКШ долларына кыскарышы (КРУБ баа берүүлөрү);
- Алтын экспортунун 30 млн. АКШ долларына кыскаруусу;
- Башка товарлардын экспортунун 11,6 млн. АКШ долларына төмөндөөсү

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 29,8 пайызга кыскаруу менен 2013-жылдын отчеттук чейрек ичинде 373,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

Товарлардын импорту (ФОБ баасында) отчеттук мезгил ичинде 12,6 пайызга көбөйөт жана 1 103,0 млн. АКШ долларына жетет.

Отчеттук чейректе кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту сыяктуу эле (13,6 пайызга), экспортунун да (3,7 пайызга) төмөндөөсү күтүлүүдө, бул кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын 77,7 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсүнө алып келет.

Күндөлүк трансферттер боюнча таза агылып кирүүсү 390,3 млн. АКШ долларында түптөлөт, бул базалык мезгилдеги көрсөткүчтөн 11,5 пайызга көп. Бул статья боюнча негизги өсүш отчеттук мезгилде мурдагыдай эле жеке трансферттердин эсебинен камсыз болот, алардын таза агылып кирүүсү 11,5 пайызга көбөйүү менен 391,2 млн. АКШ долларын түзөт.

2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби 200,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо калыптанат, бул базалык мезгилдеги тиешелүү көрсөткүчтөн 19,1 пайызга аз.

Капитал менен операциялардын сальдосу 2012-жылдын биринчи чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 37,3 пайызга төмөндөө менен 13,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлүүсү күтүлүүдө. Буга мамлекеттик инвестициялардын

[1] Мунайзаттарынын реэкспорту боюнча кошумча эсептөөлөрдү эске алуу менен алдын ала жана болжоолдуу маалыматтар боюнча.

программасынын алкагында алынган гранттардын көлөмүнүн 42,7 пайызга (10,5 млн. АКШ долларына) азаюусу себеп болгон.

Ошентип, отчеттук жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми 23,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлөт. Дүң эл аралык камдардын көлөмү[1] товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 3,9 айлык көлөмүн жабат.

Алдын ала маалыматтар боюнча номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси 2013-жылдын башталышынан тартып, 0,1 пайызга көбөйүү менен март айынын акырына карата 110,9 түзгөн. Мындай төмөндөө 2013-жылдын март айында 2012-жылдын декабрь айына салыштырганда сомдун кытай юанына карата 1,0 пайызга, АКШ долларына карата 0,8 пайызга, россия рублине жана казак теңгесине карата 0,7 пайызга жана еврого карата 0,3 пайызга карата нарксызданышы[2] менен шартталган. Ошону менен бирге эле, түрк лирине карата сомдун курсу өзгөргөн эмес.

Сомдун НЭАК индексинин бекемделгендигине карабастан, Кыргызстанда инфляциянын кыйла төмөнкү деңгээли[3] РЭАК индексинин төмөндөөсүн шарттаган, бул 2012-жылдын декабрынан тартып 0,9 пайызга азайган жана өтүп жаткан жылдын март айынын акырына карата 111,6 түзгөн.

**Мамлекеттик финансы сектору**

2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин профицити 3,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,2 пайызды түзгөн, ал эми 2012-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде бюджеттин ИДӨгө карата 1,8 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы байкалган.

Бюджетти жалпы каржылоо өтүп жаткан жылдын январь-март айларында 2,3 млрд. сом (ИДӨгө карата 3,8 пайыз) өлчөмүндө ички булактардын эсебинен жүзөгө ашырылган. Каржылоонун тышкы булактарынын түзүмүндө төлөө суммасынын милдеттенмелерди алуу суммасынан 34,2 млн. сом өлчөмдө (ИДӨгө карата 0,1 пайыз) артышы белгиленген.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди (төмөнкү топтор боюнча операцияларды камтыйт: негизги фондулар, запастар, жер) сатып алуу боюнча операцияларга бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу 0,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,8 пайызды (2012–жылдын тиешелүү мезгилинде– 0,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,0 пайызды) түзөт.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын ала маалыматтары боюнча Социалдык фондунун бюджетинин тартыштыгы 2013-жылдын январь-март айларында 0,2 млрд. сом же ИДӨгө карата 0,4 пайыз, кирешелери – 7,7 млрд. сом же ИДӨгө карата 13,1 пайыз, чыгашалары – 8,0 млрд. сом же ИДӨгө карата 13,5 пайыз чегинде түптөлгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча консолидацияланган бюджеттин (мамлекеттик бюджет + Социалдык фондунун бюджети) профицити 2,8 млрд. сомде же ИДӨгө карата 4,8 пайызды түзөт. Кирешелер 25,4 млрд. сом же ИДӨгө карата 43,0 пайыз, ал эми чыгашалар – 22,5 млрд. сом же ИДӨгө карата 38,2 пайыз чегинде калыптанган.

2013-жылдын биринчи чейрегинде мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелери 2012-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 24,1 пайызга көбөйгөн жана 21,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 36,4 пайызды (2012-жылы көбөйүү 14,3 пайызды ) түзгөн.

Салыктык кирешелердин түшүүлөрү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 11,6 пайызга[4] же 1,6 млрд. сомго көбөйүү менен 15,4 млрд. сомду түзгөн.

---

[1] Эл аралык камдардын көлөмү 2013-жылдын март айынын акырына карата 2 046,2 млн. АКШ долларын түзөт.

[2] Маалыматтар сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча келтирилди, базалык мезгил катары индексти эсептөө үчүн 2000-жыл колдонулат.

[3] 2013-жылдын март айындагы Кыргыз Республикасынын инфляциясы 1,1 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө алдын ала эсептөөлөр боюнча 2,1 пайыз чегинде катталган.

[4] Реалдуу мааниде (КБИге корректировкаланган) 3,6 пайызга көбөйгөн.

Бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин жалпы көлөмүндө салыктык түшүүлөрүнүн үлүшү өткөн жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 8,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 71,6 пайызды түзгөн. Салыктык кирешелердин келип түшүүсү мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелеринин 9,2 пайыздык пунктка өсүшүнө салым кошкон.

Байкоого алынып жаткан мезгилде салыктык эмес түшүүлөр 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 24,5 пайызга көбөйүү менен 3,3 млрд. сомду түзгөн. Бул чыгашалардын өсүшүнө негизги салымды билим берүү жана медицина боюнча акы төлөнүүчү кызматтарды сунуштоодон түшүүлөр кошушкан. Ошентип, салыктык эмес түшүүлөр мамлекеттик бюджеттин операциялык ишинен кирешесинин 3,8 пайыздык пунктка өсүшүнө салым кошушкан.

Расмий трансферттердин түшүүлөрү 3,2 эсеге же 1,9 млрд. сомго көбөйүү менен 2,8 млрд. сом чегинде катталган. Мындай көбөйүү негизинен, Россиядан, АБРден жана КЕСтен 47,9 млн. АКШ доллары жалпы суммасында гранттардын түшүүлөрүнүн эсебинен түптөлгөн. Бул каражаттар Өкмөттүн эсебине 2012-жылдын акырында түшкөн, бирок Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын отчетунда өтүп жаткан жылдын бюджетинин киреше бөлүгүндө чагылдырылган. Расмий трансферттердин түшүүлөрү мамлекеттик бюджеттин операциялык кирешелеринин өсүшүнө олуттуу салымды камсыз кылышкан (+11,1 п.п.) .

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге чыгашалары кароого алынып жаткан мезгил ичинде 1,2 пайызга[1] же 0,2 млрд. сомго бир аз көбөйүү менен 17,9 млрд. сомду түзгөн.

Бюджеттик чыгашалардын функционалдык классификациясына ылайык, отчеттук мезгил ичинде чыгашалардын ИДӨгө карата экономикалык маселелерге (1,0 п.п.), билим берүүгө (0,8 п.п.), саламаттыкты сактоого (0,6 п.п.), жалпы багыттагы мамлекеттик кызматка (0,5 п.п.), турак-жай коммуналдык кызматтарына (0,2 п.п.), коргоого, коомдук тартипке жана коопсуздукка (0,1 п.п.), эс алууга, маданиятка жана динге (0,1 п.п.) кыскаруусу байкалган. Социалдык коргоого чыгашалар 0,2 пайыздык пунктка, ал эми айлана чөйрөнү коргоого чыгашалар өзгөргөн эмес.

Экономикалык классификация боюнча чыгашалар түзүмүндө күндөлүк керектөөгө багытталган чыгашалардын жогорку үлүшү сакталып турат. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды төлөөгө чыгашалардын үлүшүнүн 3,3 пайыздык пунктка көбөйүүсү байкалган. Чыгашалардын бул тобунун өсүшүнө, калкты социалдык коргоо боюнча пенсиянын базалык бөлүгүн төлөөгө чыгашалар салым кошкон, мында каржылоо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 26-майындагы №252 Жарлыгына ылайык республикалык бюджеттен 80 пайыз өлчөмүндө жүзөгө ашырылган (2012-жылы республикалык бюджеттен каржылоо 60 пайыз өлчөмүндө жүзөгө ашырылган эле).

Отчеттук жылдын март айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 155,4 млрд. сомду же 3,2 млрд. АКШ долларын түзсө, алардын ичинде тышкы карыз – 142,3 млрд. сом, ички карыз – 13,2 млрд. сом чегинде түптөлгөн. Мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөөлөр 2013-жылдын январь-март айларында 0,7 млрд. сомду түзсө, анын ичинде тышкы жана ички карыз боюнча салыштырма салмак жалпы пайыздык төлөмдөрдөн, тиешелүүлүгүнө жараша 63,0 жана 37,0 пайыз чегинде түптөлгөн.

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

2013-жылдын 31-мартына карата абал боюнча[2] Кыргыз Республикасынын аймагында 23 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда)

[1] Реалдуу мааниде (КБИге корректировкаланагн) 6,1 пайызга төмөндөгөн.
[2] Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчетуна ылайык келтирилген.

жана алардын 282 филиалы (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде 22 коммерциялык банк жана алардын 254 филиалы) иштеп турган. Банк сектору жалпысынан 513,2 млн. сом өлчөмүндө (2012-жылдын январь-март айларында – 485,0 млн. сом) таза пайда алган.

2013-жылдын март айларынын акырында банк тутумунун суммардык активдери 4,2 пайызга же 3,6 млрд. сомго көбөйүү менен (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде банк тутумунун суммардык активдери 71,3 млрд. сомду түзсө, активдердин өсүшү 6,9 пайыз же 4,6 млрд. сом чегинде түптөлгөн) 90,4 млрд. сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата абал боюнча коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 2,7 пайызга көбөйүү менен 52,0 млрд. сомду түзгөн. Көбүнчө, депозиттик базаны валюталык түзүүчүлөр 6,2 пайызга, ал эми сом түрүндөгү аманаттардын көлөмү 0,5 пайызга төмөндөгөн.

Кароого алынып жатан мезгилде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү белгиленген. Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2012-жылдагы тиешелүү кэрсөткүчкө салыштырганда 6,0 пайызга көбөйүү менен отчеттук мезгилде 52,9 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңы кабыл алынган аманаттардын көлөмү 28,4 млрд. сом (+14,7 пайыз), чет өлкө валютасында – 24,5 млрд. сом эквивалентинде (-2,6 пайыз) түптөлгөн.

Улуттук валютада жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жылдык мааниде 0,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2,3 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасында жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча чен 0,8 пайызды түзүү менен 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтүн деңгээлинде сакталып турган.

Отчеттук мезгилде банктар кредиттик портфелди көбөйтүүнү улантышкан. Мында, сооданы кредиттөө көлөмүнүн жогорулоосу мурдагыдай эле, банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнөн кыйла маанилүү болуп саналган.

Өтүп жаткан жылы “Айыл чарбасын каржылоо” мамлекеттик долбоорун ишке ашыруу башталган, республиканын айы-чарба өндүрүүчүлөрүнө жазгы-талаа иштерин өз убагында жүргүзүү жана айыл чарбасында мал чарбачылыкты жана кайра иштетүү секторун мында ары да өнүктүрүү үчүн мамлекеттик колдоо көрсөтүү – долбоордун максаты болуп саналат. Долбоордун шарттары боюнча Өкмөт республикалык бюджеттин каражатынан жылдык 10 пайыз ченде жеңилдетилген кредиттерди жайгаштыруулары үчүн коммерциялык банктарды жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерди субсидиялайт. Биринчи чейректе берилген субсидиялардын жалпы көлөмү 180,6 млн. сомду түзгөн, ал эми долбоордун алкагында 400 млн. сом бюджеттен каралган. Натыйжада, март айынын акырына карата долбоор боюнча жалпы кредиттик карзы 1,1 млрд. сомду же банктык кредит портфелинин чогуу алгандагы көлөмүнүн 2,7 пайызын түзгөн.

2013-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 6,1 пайызга көбөйүү менен 42,5 млрд. сом чегинде катталган. Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 19,7 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 5,9 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 6,2 пайызга артуу менен март айынын акырына карата 22,9 млрд. сом эквивалентинде катталган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата банктардын кредиттик портфели тармактар боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. Отчеттук жылдын январь-март айларында кредит портфелинин олуттуу бөлүгүн ээлеген соодага кредиттердин үлүшү 0,5 пайыздык пунктка, 39,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошондой эле ипотекага кредиттердин салыштырма салмагы да 5,5 пайыздан 5,4 пайызга чейин жана керектөө максаттарына 9,4 пайыздан 8,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Буларга катар эле айыл чарба кредиттеринин үлүшү 1,3 пайыздык пунктка, 16,4 пайызга чейин өскөн, ал эми өнөр жайга кредиттердин салыштырма салмагы жалпы көлөмдө 0,8 пайыздык пунктка, 6,4 пайызга чейин өскөн.

[1] Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө банк кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.

Транспорт, байланыш чөйрөсүнө, даярдоо жана кайра иштетүүгө жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө кредиттер, мурдагыдай эле, бир аз үлүштү – суммарлаганда 4,4 пайызды түзгөн. "Жана башка" кредиттердин салыштырма салмагы чейрек ичинде 10,3 пайыздан 9,7 пайызга чейин азайган.

Отчеттук мезгил ичинде жаңы берилген кредиттердин көлөмү 12,0 млрд. сомду түгөн, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 41,5 пайызга көп. Улуттук валютадагы кредиттер 42,9 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында 40,3 пайызга көбөйгөн.

Улуттук валютада жаңы берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын мартынын аягына 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 19,6 пайызды түзүү менен 1,2 пайыздык пунктка чейин төмөндөгөн, чет өлкө валютасында 0,3 пайыздык пунктка 20,6 пайызга чейин көбөйгөн.

***Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер***

2013-жылдын март айынын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин саны 800дү түзгөн, алардын ичинде: «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» (ФККС) – 1, кредиттик союздар (КС) – 172, микрокредиттик компаниялар (МКК) – 232, микрокредиттик агенттиктер (МКА) – 73, микрофинансылык компаниялар (МФК) – 5, алмашуу бюролору – 317 (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде БФКМдердин 924 түзгөн).

БФКМдердин кредит портфели[1] 2013-жылдын башталышынан бери 6,1 пайызга (0,9 млрд. сомго) көбөйгөн 2013-жылдын 31-мартына карата 16,3 млрд. сомду түзгөн. Мындан тышкары, жыл башынан бери БФКМдердин карызгерлеринин саны 0,6 пайызга, 431 386 адамга чейин төмөндөгөндүгү байкалган.

**4-таблица. БФКМдердин кредит портфели[1] (млн. сом)**

| **НФКУнун аты** | **31.03.2012** | **31.12.2012** | **31.03.2013** |
|---|---|---|---|
| ФККС | 430,2 | 409,2 | 426,6 |
| МФО (МФК, МКК/МКА)[2] | 14 498,7* | 14 060,9 | 14 937,9 |
| Кредитик союздар | 1 223,1 | 1 344,6 | 1 400,3 |
| **ЖАЛПЫ** | **15 721,8** | **15 405,5** | **16 338,2** |

[1] Маалыматтар ФККСсиз келтирилген (анткени ФККС кредиттери кредиттик союздарга берилген).
[2] 2013-ж. 31-мартына карата депозиттерди 12 кредиттик союздар тартышкан (НБКРдин лицензиясы боюнча).
[*] МКК/МКА отчетторду жарым жылдык негизде берип турушат.

БФКМдердин кредити боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын 31-мартына карата төмөнкүчө түптөлгөн: Кредиттик союздардын финансы компаниясынын кредиттери боюнча (ФККС) – 16,1 пайыз, микрофинансылык уюмдардын кредиттери боюнча (МФО) – 34,4 пайыз жана кредиттик союздардын кредиттери боюнча (КС) – 28,2 пайыз (2012-жылдын 31-мартына карата орточо салмактанып алынган пайыздык чен: ФККС – 15,9 пайыз, МФУ – 38,3 пайыз жана КС – 28,4 пайыз).

БФКМдердин (кредиттик союздардын)[2] депозиттик базасы жыл башынан бери 9,4 пайызга же 4,8 млн. сомго көбөйгөн жана 2013-жылдын 31-мартына карата абал боюнча 56,1 млн. сомду (2012-жылдын 31-мартына карата – 39,7 млн. сомду) түзгөн.

[1] Маалыматтар Кредиттик союздардын финансы компаниясын эске алуусуз сунушталган (анткени Финансы компаниясынын кредиттери кредиттик союздарга берилген).
[2] 2013-жылдын 31-мартына карата абал боюнча 12 кредит союз депозиттерди тартуу менен иш алып барышат (Улуттук банктын лицензиясынын негизинде)